**Предметтик циклдик комиссиясынын отурумунун №1**
**протоколунун жазма көчүрмөсү**

*5.09. 2025-ж.* *Кара-Балта шаары*

**Катышкандар:**
ПЦК төрагасы, комиссия мүчөлөрү
**Күн тартиби:**
1. 2025–2026-окуу жылына КБФнын ПЦК курамын карап чыгуу жана бекитүү.
2. 2025–2026-окуу жылына КБФнын предметтик цикл комиссиясынын иш планын бекитүү.
3. Окуу пландарын жана программаларын өркүндөтүү боюнча иштерди талкуулоо, оңдоо жана координациялоо.
4. Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде негизги кесиптик билим берүү программасынын максатын жана милдеттерин аныктоо.

**1-маселе боюнча**
Угулду: ПЦК төрагасы Дубинина В.В., 2025–2026-окуу жылына карата КБФнын предметтик циклдик комиссиясынын курамы сунушталды. Комиссиянын курамы окуу жүктөмүнө, адистик багыттарына жана педагогикалык тажрыйбасына ылайык түзүлгөндүгүн белгиледи.
**2-маселе боюнча**
Угулду: ПЦК төрагасы тарабынан 2025–2026-окуу жылына карата предметтик цикл комиссиясынын иш планы сунушталды. Иш планында окуу-методикалык иштер, ачык сабактарды өткөрүү, квалификацияны жогорулатуу, окуу-методикалык комплекстерди жаңылоо жана студенттер менен жүргүзүлүүчү тарбиялык иштер камтылганы айтылды.
**3-маселе боюнча**
Угулду: Окуу пландарын жана программаларын өркүндөтүү боюнча сунуштар талкууланды. Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык дисциплиналардын мазмунун жаңылоо, практикалык сабактардын үлүшүн көбөйтүү, компетенттүүлүккө багытталган ыкмаларды киргизүү зарылдыгы белгиленди
Программаларды оңдоо жана координациялоо иштерин системалуу жүргүзүү сунушталды.
**4-маселе боюнча**
Угулду: Негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты жана милдеттери мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде аныкталды.
**Максаты:**
Эмгек рыногунун талаптарына жооп берген, теориялык билими терең жана практикалык көндүмдөргө ээ, атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо.
**Милдеттери:**
- Студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу;
- Заманбап билим берүү технологияларын колдонуу;
- Практикалык даярдыкты күчөтүү;
- Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө тартуу;
- Кесиптик этиканы жана жоопкерчиликти өнүктүрүү.

**Чечим:**
1. 2025–2026-окуу жылына КБФнын ПЦК курамы бекитилсин.
1. 2025–2026-окуу жылына КБФнын предметтик цикл комиссиясынын иш планы бекитилсин.
1. Өзгөртүүлөр жана толуктоолор ПЦК жыйынында талкууланып, бекитүүгө сунушталсын.
1. Негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты жана милдеттери бекитилсин.
2. Окуу процессин уюштурууда мамлекеттик стандарттын талаптары аткарылсын.

ПЦК төрайымы: ____________________ Дубинина В.В.

Катчысы: ____________________ Арстанбек кызы Г.